DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Суюнбай кызы А., Элмуратов Ш.З.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИН ЧАГЫЛДЫРЫШЫ

*Суюнбай кызы А., Элмуратов Ш.З.*

# ОТРАЖЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА

*Suyunbay кyzy A., Sh.Z. Elmuratov*

# REFLECTION OF ENVIRONMENTAL ISSUES IN THE WORKS OF CHYNGYZ AITMATOV

*УДК: 504.75.06*

*Бул макалада Чынгыз Төрөкулович Айтматовдун эң алгачкы чыгармаларынан баштап акыркы чыгармаларына чейин адамзаттын жаратылышка тийгизген терс мамилелери чагылдырылат. Ч.Айтматовдун чыгармаларына экологиялык илимий иликтөө жүргүзүп караганда адам тарабынан жаратылышка экинчи дүйнөлүк согуштан баштап аёосуз сокку уруунун негизинде жаратылыштагы баалуу жаныбарлар өсүмдүктөрдүн кескин азаюусу көркөм сүрөттөлүп берилген. Илимий макалада бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын экологиялык өзгөрүүлөрү, суулары, мөңгүлөрү, токойлордун суюлуусу жана баалуу жаныбарларын жоголуу коркунучун коомчулукка жеткирүү жана алардын алдын алууга көмөктөшүү милдеттерин аткарууга үйрөтүү негизги максат экендиги көрүнүп турат. Макалада Ч.Айтматовдун жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү алдын ала илимий ой жүгүртүүнүн негизинде көрө билип, аны чыгармалары аркылуу коомчулукка жеткирүүдө экологиялык проблемаларды чагылдыруусу эле эмес эл аралык симпозиумдарда да дүйнөлүк классиктер менен козгогон темалары экология тууралуу болгондугун чагылдырылып берилет. Анын чыгармаларын окутууда жаратылышты сүйүүгө, аны коргоого тарбиялоого, экологиялык түшүнүктөрдү, экологиялык маданиятты калыптандырууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *мал чарбачылык, мергенчилик, экологиялык көйгөйлөр, коргоо, жаныбарлар, жергиликтүү бийлик.*

*В этой статье изложены проблемы экологической катастрофы, которые отображены во всех произведениях Чынгыза Торокуловича Айтматова и показывает ее с проблемой человеческой безнравственности. Бедственное положение экологической среды давно является одной из актуальных тем современного писателя. Болея всей душой в каждом произведении за свой любимый край, ее природу, исчезающий животный и растительный мир. Ч. Айтматов показывает, как не безразлична ему экологическая обстановка Кыргызстана. В произведениях показаны насущные проблемы общества, отражается мировосприятие и психология человека, отношения человека и природы, человека и общества. Проблема экологии и взаимоотношений человека с природой одна из основных тем экологической среды. И сейчас, когда опасность деградации окружающей среды превращается для человечества в острую проблему, охрана природы является одной из актуальных задач современности. Поэтому, прежде всего надо стремиться пробуждать в людях сострадание и любовь, честность и бескорыстность, доброту и понимание. Поэтому забота обо всем окружающем – веление времени, все созданное природой, имеет право на жизнь. И эта важная проблема в наше время, как природа и отношение к ней.*

***Ключевые слова:*** *скотоводство, охота, экологические проблемы, охрана, животные, местные власти.*

*This article describes the problems of environmental disaster, which are reflected in all the works of Chingiz Torokulovich Aitmatov and shows it in conjunction with the problem of human immorality. The plight of the ecological environment has long been one of the pressing topics of the modern writer. Cheering with all my heart in each work for my beloved land, its nature, the endangered animal and plant world. Ch. Aitmatov shows how indifferent he is to the ecological situation in Kyrgyzstan. The works show the pressing problems of society, reflects the worldview and psychology of man, the relationship of man and nature, man and society. The problem of ecology and the relationship of man with nature is one of the main topics of the ecological environment. And now, when the danger of environmental degradation is turning into an acute problem for humanity, the protection of nature is one of the urgent tasks of our time. Therefore, first of all, we must strive to awaken in people compassion and love, honesty and selflessness, kindness and understanding. Therefore, caring for everything around is the command of the time, everything created by nature, has the right to life. And this important problem in our time, like nature and attitude to it.*

***Key words:*** *cattle breeding, hunting, environmental problems, security, animals, local authorities.*

Адабият айдыңында аты ааламга таанымал болгон Ч.Айтматовдун өмүр жолуна, ой-чабытына, адамдардын руханий дүйнөсүнүн тазалыгына кошкон

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



салымын алып карасак, анын чыгармаларында козголгон маселелер глобалдык масштабга ээ болгондугу менен өзгөчөлөнөт.

Анын улуу инсандыгы - өзү жашаган доордон ондогон жылдар алдыга озуп чыккандыгында. Адамзаттын эртеңки келечегине назар салып, кечээги кан күйгөн каардуу Улуу Ата Мекендик согуштан, термоядролук согуш коркунучуна чейин чабыт салып, адам табиятынын бузулушу менен экологиялык чоң катастрофага багыт алгандыгы, анын натыйжасында саясий-укуктук, экономикалык теңсиздиктин күч алышы тууралуу кеңири панораманы Ч.Айтматовдой эч бир адам көркөм анализ жасай электигин белгилеп кетсек болот.

Дүйнө эли экологиялык маселе тууралуу жаңыдан дүрбөлөңгө түшүп жатканда жазуучу жаратылышты коргоодон мурда, адамдын жан дүйнөсүн тазартуу зарылдыгын «Асма көпүрө» алгачкы аңгемесинде козгоп, ал ойду «Ак кеме», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повесттеринде, «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасында тереңдетет. Ал эми романдарында адам менен жаратылышты гармониялык жактан бир бүтүн дүйнө катары карап, өзүнүн философиялык ой чабытынын кенендигин көргөзөт да, жаратылышка жасаган ар бир кадамыбыз үчүн, табигат эселеп өч алаарын кеңири панорамада ачып көргөзөт, түбөлүк «чечилбей келе жаткан» «Адам уулу канткенде адам болот?» - деген курч маселени кыргыз элине гана эмес, дүйнө элинин алдында коюшу эле анын улуулугун, адамдын руханий дүйнөсүндөгү жана табиятындагы ар бир кичине өзгөрүүлөр өзүнүн назик жүрөгү аркылуу өтөөрүн, ааламдагы бүтүндөй окуяларга жеке жоопкерчиликти инсан катары көтөргөнүн, ошол эле учурда адамзаттын акыл-эс менен жасаган иш-аракеттери гана дүйнөнү сактап калаарын алдын-ала эскерткенин эч ким тана албас.

Далил катары биз окуган повесть-романдарына иликтөө жүргүзүп көрөлү. Экология илими менен Айтматовдун алгачкы чыгармалары жашташ экенин ошол чыгармаларында эле экологиялык проблемаларды чагылдырып бергенин айтып өтсөк. 1952-жылы жазылган «Асма көпүрө» ангемесинде Асиянын Байдамтал дарыясынын мөңгүлөрдү эритүүсү, мөнгүлөргө учак аркылуу дарыларды, көмүрдүн майдасын чачкандыгында. Анткени көмүрдүн майдасы күн энергиясын жакшы тартарын ачык чагылдырган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин совет өлкөсүнүн экономикасы аябагандай тез темп менен өнүгүп экономикалык алдынкы орунга чыккандыгы, бирок ошол эле мезгилде Экологиялык чон көйгөйдү адамзат баштап жаткандыгын учурунда түшүнө бербегени - кийинки урпактарга кандай келечек кандай жаратылыш калтырып жатканын эске албагандыгы кийин ал таза суу коркунучунун жоголушу адамдын өзүнө зор сокку болушун алдын ала көрө билип, айткан. Жаратылыш ресурстарын аярлап колдонууну учурунда ачык айкын белгилеп өз чыгармаларынын каармандары аркылуу таамай көрсөтө алган. “Асма көпүрө” повестинин айыл чарбанын сугат суу проблемасы аркылуу Орто Азиянын глобалдуу проблемасы болгон Арал денизинин соолушу дал ушул дарыялардын жеткиликтүү деңизге куйбагандыгын учурунда белгилеп айткан.

1970-жылы жарык коргон “Ак-Кеме” повестин алып карасак. Адамдын жаратылышка аёосуз мерездигин, баарынан өз кызыкчылыгын үстүн коёрун Орозкул аркылуу көрсөтүп берсе, Нургазы, Момун чал аркылуу аяр мамиле жасоону көрсөтүп бере алган. [9-50-б.]. Токойлор жалпы экологиянын тең салмактуулугун сактап турууга чоң өбөлгө түзөт. Алып карасак, токойлордун Ысык-Көлгө тийгизген таасири зор. Кыргыз Республикасынын 2-класстагы кенешчиси белгилүү илимпоз Самаган Маматовдун белгилешинче, эгерде көл жээгинде токойлор азайып кетсе, бул түздөн-түз Ысык-Көлдүн кирдешине алып келет: Эң биринчи зыяны суулар кармалбай жердин бузулушу башталат. Жер бузулса баардыгына таасирин тийгизет. Эгерде токойлор суюлуп, же кырылып калса чаңдын баары мөңгүлөргө барып түшөт. Бара-бара алар эрип, көлүбүздүн кирдешине алып келет.

Ыссык-Көл өрөөнү Кыргызстандын аймагындагы эң соңку болуп жаралган биосфералык аймак. Ысык-Көл дүйнөнүн эң ири биосферасы болуп саналат, анткени ушунчалык чоң аймакты камтыган биосфера башка эч жерде жок. Аны сактап калуу биздин парзыбыз.

Тектоникалык процесстерден, башкача айтканда, катуу жер титирөөдөн пайда болгон чоң жараканын ордунда жаралган көл аны курчап турган кеңири аймакта мээлүүн, деңиз климатынын өкүм сүрүшүнө өбөлгө түзөт. Жайда салкын, кышта мээлүүн, жагымдуу климат өз учурунда өрөөндүн жан-жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгүн шарттайт. Мунун баары повестте кенири чагылдырылган.

Экологияга салыштырып карасак Ысык-Көл областында гана жалан карагайлуу токойлор бар экени бирок карагайларды узунун көп кыйгандыгынын натыйжасында аралаш кайындуу токойлордун келип чыгышы. Бугулардын саны азайып кызыл китепке кирүүсү 1985-жылдардан баштап катталса Айтматовдун чыгармасында повесть аркылуу ондогон жыл алдын ала айтылган. Бул повестин каармандары аркылуу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Айтматов ар бир окурманды табиятка аяр мамиле жасоого аны көз карегиндей сактоого үндөгөн. Кыргызстандын илимий изилдөөчү экологдордун изилдөөсүндө Ысык-Көлдүн айланасындагы токойлордун аянтынын кыскаруусу, Көлдүн суусунун азайуусуна түздөн түз таасирин тийгизерин аныктаган.

Кыямат романындагы экологиялык маселелерди карасак Бийликтин үстөмдүгү, коюлган планды нормадан ашык аткаруу талабынын негизинен жайыттардын азайуусун баалуу отоо чөптөрдүн түп тамырынан калбай жоголуусун бийликке кесе айткан эртенки келечекти азырттан ойлонууну Бостон аркылуу ачык жеткирген. Темир канаттарды, бүкөндөрдү атуусун анын натыйжасында жаныбарлар байырлаган мекенин которуштурганын Таш чайнар менен Акбаара аркылуу жаныбарлардын орун которуп ынгайлуу тынч жай издегенин ачык далилдеген.

Бүгүнкү күндө буга далил экологдордун “Азаттыкка” берген маалыматын айтып өтпөсөк болбойт. 2007-жылы июнь айында “Азаттык” үн алгысына берилген маалымат:

– Акыркы жылдарда Кыргызстандын аймагында мергенчилик кылуу туризми да дүркүрөп өнүгүүдө. Мыйзам боюнча Кыргызстанда мергенчилик кылууга атайын уруксат кагазы боюнча гана уруксат берилет. Республиканын Айлана-чөйрөнү коргоо агенттиги тарабынан берилген уруксат кагазында аталган фирмага кайсы айбанаттарга жана кайсы көлөмдө мергенчилик кылуу уруксат этиле турганы так айтылат. Бирок, көпчүлүк фирмаларда биз сөз кылып жаткан мергенчилик "лицензиялары" бар болгону менен андай "лицензияларга" ээ болбогон фирмалардын саны да өтө көп. "Эко-Жоомарт" бейөкмөт уюмунун маалыматына караганда, Кыргызстандын Нарын областынын Аксай бийик тоолуу өрөөнүндө үстүртөн эле жүргүзүлгөн байкоо аркар-кулжанын саны кескин азайып кеткенин көрсөттү. Бир эле Нарын областында мергенчилик кылуу үчүн 40 чакты фирма каттоодон өткөн. Ушуга окшогон жагдай Ысык-Көл областында дагы өкүм сүрөт. Мергенчилер күнүмдүк пайда табууну көздөп, Кызыл китепке киргизилген жаныбарларды аёосуз атып жатышат.

Ысык-Көлдүн сырт жайлоосу менен Нарындын Аксай, Арпасы Кыргызстандагы кайберендин мекени катары каттоого алынган. Кызыл китепке кирген бул байлыктарды көзөмөлдөөгө бир нече мекемелер укук ала бергендиктен, чарбасыздык күчөгөнүн жергиликтүү адистер далилдеп келатат. Мисалы, Кытай менен чектешкен Жети-Өгүз районунун 4,5 миң метр бийик Кайчы, Ак-Өгүз, Тоголок деген ашууларына барганыбызда, бул жайлоолорду чет элдик фирмалар 49 жылга ижарага алганына күбө болдук. Аларды жетектеп жүргөн жергиликтүү адис каалагандай аңчылык жүрүп атканын да жашырган жок:

- Кайчынын ичи толук Москвалык “МК Травелдики”. Алар лицензия алып, ижарага алган. Бир кулжаны 45 миң долларга чейин сатат. Сарычат, Эрташ коругунун ээси Өмүрбек Курманалиев жергиликтүү мергенчилерди арзанга сатып алып, уруксаты жок коктуларга аңчылыкка чыккан фактыларга дагы чара көрүлбөй атканын кошумчаласа, ага күбө болгон “Ашар” коомунун мүчөсү, Үчкошкон деген бир эле өрөөндө 13 фирма бар экенин далилдеди:

*– Он үчү бир алганда эле үчтөн алып келсин – 39 болот. 39у ар бири үчтөн атса 100дөн ашып кетет. Бир жылда алар бир жолу келбейт да, алар бир айда бир жолу келет,* – деди биосфералык аймактын илимий кызматкери Кубан Жунушалиев.

Ал эми биосфералык аймактын илимий кызматкери улуттук байлык болгон кайберендин тукулжурап бaратканын башка өлкөнүн чегине өтүп кеткени менен байланыштырды:

*– Алар бир убакта аңчылык кылышып, бир тобу Кытайды көздөй, бир тобу Тажикстанга, бир тобу Казакстанга ооп кетет. Туулган жерин сагынышып кайра келишет, келсе дагы ошондой сүрөт,* деп маалымат берген Экологиялык илимпоз Эраалы Барктабасов [Азаттык үн алгысы].

Кыргызстандын баалуу жаныбарларынын азайып бaратканын жазуучу 70-жылдардан 80-жылдардагы аралыкта “Ак-Кеме”, “Кыямат романдарында” адам баласын ойлонто турган негизде Орозкул, Нургазы, Момун Чал, Бостон, Авдий, колхоз, совхоз башкармалары аркылуу чагылдырып берген.

Жазуучунун эн сонку “Тоолор кулаганда” романында коомдук системанын өзгөрүшү менен келген өткөөл мезгилдеги кайра түзүү жаңылануулaрды коштой глобалдуу экологиялык проблемалар айкын чагылдырылган чет элдик мерген фирмасы менен “Үзөнгүлөш” ашуусунда жаабарстарга (ак илбирстер) жергиликтүүлөр коштоп баргандыгын китептин 176-бетинен баштап жеткире түшүндүрүлөт. Жазуучу бул романда ак илбирстердин негизги душманы - “Адам” экендиги, бирок канчалык кол салуулар болбосун илбирстер өз мекенин таштап орун которуп кетпөөсү ачык айтылган.

Белгилеп айтсак, 1980-жылы илбирстин саны 1400 башка жетип кызыл китепке катталса, 2007-жылы 150-250 башка чейин төмөндөгөн. Экологиялык талапка ылайык кызыл китеп ар бир беш жылдыкта

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жаныланып туруу керек. Бирок, Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкты алгандан кийинки алгачкы кызыл китеп 2005-жылы чыккан. Ага да мамлекеттин каржылоосу жетпей ЮНИСЕФ 20 мин долларга каржылап чыгарылган. Андан 2007-жылы изилдөөлөр жүргүзүлүп илбирстердин саны такталып катуу көзөмөлгө алынганы айтылса, он жылдан ашык тактап айтканда бүгүнкү күндө канча илбирс бар, так маалымат жок.

Чыгармаларын иликтеп отуруп Айтматовду адабият искусство ааламында эле тааныбай аны кыргыздын алдын ала көрүп, сезе билген күчтүү илимпоз экологу катары да таанысак болот деген жыйынтыка келдик. Себеби ал өмүрүнүн акырына чейин жаратылыш кубулуштарына тынчсызданып жашап өткөн. Япониялык улуу ойчул Декадо Икеда менен болгон маегинде да доорго жараша табият, табигый кырсыктары жөнүндө тынчсыздануу менен маектешкени белгилүү.

**Адабияттар:**


1. Ботбаева М.М. Экологияны окутуунун усулу. - Бишкек, 2001.
2. Шилов И.А. Экология. - Москва, 1998.
3. Передельский Л.В., Каробкин В.И., Приходченко О.Е. Экология. - Москва, 2009.
4. Абдумаликов К., Жумабаев Ж., Нуралиева Н., Нургазиев М. Кыргызстандын айыл чарбасынын экономикасы. - Бишкек, 2017.
5. Айтматовдун чыгармалар жыйнагы.
6. Кыргыз туусу / Газета. 12.12.2014.